УДК: 8.81-13

**Сулайманова М., И.,**
**Алисултонова Н., А.**

## КЫРГЫЗ ЖАНА ӨЗБЕК ТИЛДЕРИНДЕГИ АДАМДЫ ТУЮНТУУЧУ МЕТАФОРАЛЫК МААНИЛЕРДИН ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ТОПТОРУ

**Сулайманова М., И.,**
**Алисултонова Н., А.**

## ЛЕКСИКО-СЕМАНТИЧЕСКИЕ ГРУППЫ МЕТАФОРИЧЕСКИХ ЗНАЧЕНИЙ, ОБОЗНАЧАЮЩИХ ЧЕЛОВЕКА В КЫРГЫЗСКОМ И УЗБЕКСКОМ ЯЗЫКАХ

**Sulaymanova M. I.**
**Alisultonova N. A.**

## LEXICAL AND SEMANTIC GROUPS OF METAPHORICAL MEANINGS DENOTING A PERSON IN THE KYRGYZ AND UZBEK LANGUAGES

**Аннотация**. Метафорада өтмө маанинин негизи ар дайым толук, так боло бербейт. Мисалы, алтын баш, оошуп жаткан сөз алтын, ал кайсы сөздүн ордунда келип жаткандыгы – белгисиз. Балким, «баалуу», «акылдуу», «кымбаттуу» жана башкалар. Санап өтүлгөн сөздөрдүн ар биринде алтынга пропорционалдуу сема бар. Ооштуруу субъективдүү түрдө түзүлгөндө, автордон башка адам үчүн окшоштукту кабыл алуу кыйын болуп калат. Демек, метафоранын артындагы окшоштук метафоранын табиятына таасир этет. Ошондуктан метафора ооштуруу ачык болгондо түшүнүктүү, ооштуруу ойлоп табылганда түшүнүксүз, окшоштук жоголгондо сезилерсиз болот. Метафора абдан кеңири таралган көрүнүш, бирок аны бардык лексика-семантикалык топтор (ЛСТ) үчүн бирдей деп кароого болбойт. Ошондой эле сөздөрдү өтмө маанide колдоодо белгилүү бир мыйзам ченемдүүлүктөр бар: ар кандай лексика-семантикалык топтор (ЛСТ) түрдүү абалдагы салыштыруулар үчүн тандык болот. Мисалы, жаныбарлардын аттары метафоралык мүнөзгө ээ жана адамдын табиятын чагылдырат (мисалы, түлкү, мал), өсүмдүктөрдүн аттары - сырткы көрүнүштү (мисалы, гүл, терек, доңгок) туюнтат. Албетте, бул ар кандай топторду аныктоо шарттуу түрдө болот. Бул макалада өзбек жана кыргыз тилдериндеги метафоралык белгилер топторго бөлүнүп, аларга лексика-семантикалык анализ жүргүзүлгөн.

**Негизги сөздөр:** метафора, лексика-семантикалык топ, өтмө маани, оошуу, окшоштук, тема, салыштыруу.

**Аннотация**. Миграционная база миграции в метафоре не всегда полна и ясна. Например, золотая голова, движущееся слово золотое, какое именно слово оно заменяет - неясно. Может быть, «драгоценный», «умный», «мудрый» и т. д. Но это неясно. Каждое из перечисленных слов имеет сему, пропорциональную золоту. Когда аналогия создается субъективно, восстановить аналогию другому человеку, кроме создателя, будет сложно, а то и вообще невозможно. Итак, сходство, лежащее в основе метафоры, влияет на природу метафоры. Соответственно, метафора понятна, когда сравнение открыто, непонятна, когда сравнение создано, незаметна, когда сравнение утеряно. Метафора — явление очень распространенное, но нельзя сказать, что употребление всеми лексико-семантическими группами, это одно и то же. Также существуют определенные закономерности в переносе имен: в разных случаях для переносов обозначаются разные лексико-семантические группы (ЛСГ). Например, названия животных являются скорее метафорами человеческого характера (например, лиса, крот, олень и т. д.). Конечно, необходимо дать определение таким группам. В данной статье метафорические движения в узбекском и кыргызском языках разделены на группы и подвергнуты лексико-семантическому анализу.

**Ключевые слова:** метафора, лексико-семантическая группа, переходное значение, отклонение, сходство, тема, сравнение.

**Annotation**. The migration base of migration in metaphor is not always complete and clear. For example, a golden head, a moving word golden, what exact word it replaces is unclear. Maybe "pre-

cious", "smart", "wise", etc. But this is unclear. Each of the listed words has a sema proportional to gold. When an analogy is created subjectively, it will be difficult, if not impossible, to reconstruct the analogy to someone other than the creator. So, the similarity underlying a metaphor influences the nature of the metaphor. Accordingly, a metaphor is understandable when the comparison is open, incomprehensible when the comparison is created, and invisible when the comparison is lost. Metaphor is a very common phenomenon, but it cannot be said that its use by all lexical-semantic groups is one and the same. There are also certain patterns in the transfer of names: in different cases, different lexical-semantic groups (LSG) are designated for transfers. For example, animal names are more metaphors for human character (e.g. fox, mole, deer, etc.). Of course, it is necessary to define such groups. In this article, metaphorical movements in the Uzbek and Kyrgyz languages are divided into groups and subjected to lexico-semantic analysis.

**Keywords**: Metaphor, lexical-semantic groups, lexical-semantic group, figurative meaning, means of expression, poetic metaphors, basic metaphor, lexical metaphor.

Метафора – кең таралган кубулуш. Бирок аны бардык семантикалык топтор үчүн бирдей деп кароого болбойт. Ошондой эле сөздөрдү өтмө мааниде колдоодо да белгилүү закон ченемдүүлүктөр да бар: ар түрдүү лексикалык-семантикалык топтор түрдүүчө абалдагы салыштыруулар үчүн таандык болот. Мисалы: айбандын аттары көбүнчө адамдын табиятын (түлкү, карышкыр ж.б.), өсүмдүк аттары сырткы көрүнүштү (гүл, дөңгөк, терек, чөп) туюнтуу үчүн метафоризацияланат. Бул топтор албетте шарттуу түрдө болот. Ошондуктан да Г.Кобулжанова бул шарттуулукту пайда кылуучу себептерди төмөнкүдөй келтирет:

1. Темани доим ҳам аниқ кўрсатиш имконинининг йўқлиги (теманын дайыма анык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнүн жок экендиги);
2. Қиёс асоси (ўхшатиш асоси) нинг ҳам обьектив, ҳам субьектив харктерда бўлиши (салыштыруунун негизи обьективдүү да, субьективдүү да характерде болушу)[1].

Метафора өтө татаал жана көп кырдуу кубулуш болуп саналат. Аны ар дайым эле бир сөз менен туюнтуу кыйын. Мисалы өзбек тилинде Комил – қўзичоқ, Али – лайлак (бул мисалдар эки тил үчүн бирдей метафоралык маани боло алат) деген мисалдарда эмне эмнеге оошуп жаткандыгы анык, түшүнүктүү. Бул салыштыруунун негизин бардык тил ээлери бирдей кабыл алат. Бирок дайым эле салыштыруулар бирдей кабыл алынбайт. Мисалы, ...анжир киндигидан сап-сариқ шарбат оқиб ётибди (А.Қаххор).

*Ҳайрлашдик бесўз, беюпанч,*
*Етим тоғнинг этакларида* (Ҳ.Ахмедов)

Жогорудагы мисалдардагы «анжир киндиги», «етим тоғ» сөз айкаштарын бардык адамдар бирдей түшүнө бербейт. Себеби бул сыяктуу метафоралар индивидуалдуу болуп, адамдын жогорку көркөм аң-сезими аркылуу гана туюнтулат. Ошондуктан да метафора процессин көп учурларда субьективдүү деп айтууга болот. Себеби алгач метафораны бир киши жаратат, кийинчерээк ал тилде жалпылашат. Бул сыяктуу метафоралар кыргыз тилинде «жалпы элдик метафоралар», өзбек тилинде «барча учун бирдек тушунадиган, бирдек кабул килинадинган» (жалпы үчүн түшүнүктүү болгон) метафора катары, поэтикалык метафоралар «индивидуал метафора» катары каралат. Оошуунун багытын дайыма көңүлгө алышыбыз керек. Оошуу, башкача айтканда туюнтуу каражаты темага оошот.

Кыргыз жана өзбек тилдериндеги метфоралык маанилер төмөнкүдөй лексикалык-семантикалык топтордун негизинде классификацияланат. Классификациялоодо Г. Кобулжонованын принцибине таяндык.

<u>1. Нерсе-адам тибиндеги метафоралар</u>
<u>(Нарса-одам типидаги кўчим)</u>

*Таланттуу болсоң чырагым,*
*Тизилген сөзүм сеники.* (Барпы)

Бул мисалда «чырагым» сөзү метафоралык маанини туюнтуп жатат. Б. а. нерсе – чырак аркылуу адамга (перзентке, балага) карата колдонулду.

*Илгертен бери бирге өскөн Курман деген <u>үзөңгү</u> жолдошун өз үйүнө чакырып, аны Бөкөйгө жибермек болуп сөз баштады.* (Саринжи, Бөкөй)

Бизге белгилүү үзөңгү аттын ээр, жабдык сыяктуу бир абзели эсептелет. Мындай метафора башка тилдерде, мисалы өзбек тилинде учурабайт. Т. а. бул сөз катары башка

[1] *Қобулжонова.Г. Метафоранинг системавий лингвистик талқини. Номз. диссерт. Т.,2000. 75-бет.*

тилдерде да бирдей аталып, бирдей маанини берет, бирок башка мааниде колдонулбайт. Ушул жерде эскерте кетүүчү жагдай – бардык тилдерде метафораларды бирдей деп кароого болбойт. Анткени метафоризациялоо процессинде окшоштуктардан сырткары ар бир элдин жашоо ыңгайы, үрп-адаты, дүйнөгө карата мамилеси, психологиялык жана тилдик өзгөчөлүктөрү да негиз болот.

*Ал анын эң жоопттуу экенин билет, анткени экономист колхоздун мээси болушу керек.* (Ш.А.)

Жогорудагы мисалдагы өтмө маани «мээси» деген сөз аркылуу пайда болду. Бул өтмө маани өтө татаал характерге ээ. Мээ сөзү эки тилде тең адамдын акылдуу же акылсыздыгын туюнтуу үчүн колдонулат. Башкача айтканда тилибизде «мээси жок» (акмак), «мээлүү» акылдуу маанилеринде колдонулат. Сүйлөшүү кебибизде «мээсин жеген» деген сыяктуу айкаштар да кезигет. Бул өтмө маанинин негизин табуу кыйын. Аны негизинен эмнегедир багытталган дейиш мүмкүн. Чындыгында, «мээси жок» деген сөздү түз мааниде колдосок, чындыкка туура келбейт. Анткени адам мээсиз болушу мүмкүн эмес.

Өзбек тилинде: *Темир хотин деганича бор экан* (оозеки кепте) Бул салыштырууну нерсе-адам тибиндеги метафора деп атоого болот. Мисалдагы *"темир хотин"* сөз айкашы маани кеңейишин пайда кылган. *Хотин* – метафораланган сөз, *темир* – метафоралык сөз, катуу, чыдамдуу деген маанини туюнтат.

*Бу шамол қаердан пайдо бўлди?* (сүйлөшүү кебинде) Бул мисалда оошуу *"шамол"* сөзү аркылуу туюнтулду. Бул да нерсе-адам тибиндеги метафорага мисал боло алат. Себеби «*шамол*» сөзү аркылуу туюнтулган маани "инсонни" (адамды) билигизип жаткандыгын сезүү кыйын эмес.

Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай, кыргыз жана өзбек тилиндеги нерсе-адам тибиндеги метафоралар лексикалык жактан айырмачылыктар жокко эсе.

2. Адам-нерсе (белгилик жактан) тибиндеги метафоралар

(Одам-нарса (белги жихатдан) типидаги кўчим)

Кыргыз тилинде:

*Алып кел, Курман сен барып,*
*Аталаш Бөкөй бооруңду. (Саринжи, Бөкөй).* Бул мисалда метафоралык маани «боорум» сөзү аркылуу туюнтулду. Бөкөй метафораланган сөз, «боорум» метафоралык сөз, тема – жакын адам, тууган.

Боорум (*жигарим*) эки тилде тең бирдей маанини (жакын адам, тууган) туушкандыкты билдирүү үчүн метафоризацияланды.

*Суроо деген менде түгөбөйт, ушул дартымдан «Сейит маңыз»-деп да аталып кеттим.* (Ч. Айтматов)

Жогорудагы мисалдагы өтмө маани «маңыз» сөзү аркылуу берилди. Сейит метафораланган сөз, маңыз метафоралык сөз, бирок бул сөздө тема бир аз белгисиз. Мисалга кеңири талдоо жүргүзө турган болсок, маңыз сөзү көп суроо берүүчү, тегеректеги болуп жаткан нерселерден кабардар болуу маанисин билдирет. Демек, тема – көп суроо берүүчү, өтмө мааниде көп сүйлөөк.

*Көрсө, ал сен экенсиң, Жамийла кызыл гүлүм.* (Ч. Айтматов)

Бул мисалда «**гүл**» сөзү аркылуу өтмө маани пайда болду. Бул сөз кыргыз тилинде да өзбек тилинде да маанилик жана функционалдык жактан бирдей колдонулат.

Өзбек тилинде да «гүл» сөзүнө байланыштуу өтмө маанилер кеңири учурайт. Мисалы: *овқатнинг гули, давранинг гули, йигитнинг гули* ж.б.ус. Эки тилде да гүл сөзүнүн "сулуулук" (чиройлилик) «эң жакшы» (энг яхши) мааниси метафоранын жаралышына негиз болот.

*...ким ёрдам бериши мумкин сизга Боқи булдозерми* (А. Обиджон)

Жогорудагы мисалда матфоралык маани «булдозер» сөзү аркылуу берилди. Боки метафораланган сөз, булдозер метафоралык сөз, тема - копол, өңү серт, жагымсыз. Бул сөз адамга карата колдонулганда келбеттүү, узун бойлуу, копол маанисин билдирет. Себеби адамдагы бардык касиеттер ар түрдүү нерселерга салыштырылышы мүмкүн.

Аристотель жогорудагыдай маанилерди жалган деп атайт[2]. Чындыгында да жогорудагы мисалдарга көңүл бурсак, Сейит маңыз эмес, Боки булдозер эмес, алар – адам. Түз мааниде кабыл ала турган болсок, алар анык, кыска түшүнүүнү камсыз кылууга кызмат кылат. Ошондой эле атоо менен бирге баалоону да көздө тутат. Башкача айтканда, Бөкөй боорум дегенде – мага өтө жакын, тууган, ата бир деген сүйлөм түзсөк, анда

[2]*Аристотель Поэтика. – Т. Адабиёт ва санъат. 1980. 47-бет.*

туюнтуу да, образдуулук да, таасирдүүлүк да болбойт. Тескерисинче, жөн гана маалымат, кабар берүү гана болуп калат. Же болбосо, "Боки булдозер" деген сөздүн ордуна Боки бесўнақай, қўпол, беўхшов, хунук, ёқимсиз киши десек, метафоралык маани туюнткан (кыска, таасирдүүлүк, ага берилген баа) мазмун жоголот. Метафоранын күчү мында: ал бир кыска сүйлөм же болбосо сөздө бүтүн бир маанини туюнта алат.

3. Айбан – адам тибиндеги метафоралар (Ҳайвон-одам типидаги кўчим)

Кыргыз тилинде:

*Алдагысы келген экен карыган түлкү* (Т.Касымбеков)

Бул сүйлөмдөгү өтмө маани «түлкү» сөзү аркылуу берилди. «Түлкү» метафоралык сөз, айбан-адам тибиндеги өтмө маанини пайда кылды. Тема – куу, кыйтыр. Карылык белгиси бул маанини дагы да күчөтүүгө кызмат кылды. «Түлкү» сөзү өзбек тилинде да куу (айёрлик) маанисинде колдонулат.

*Карыган карышкыр дагы бир шумдугун көрсөткүсү келди бекен же?...* (Т. Касымбеков) Келтирилген мисалдагы «карышкыр» сөзү өтмө мааниде колдонулду. Карышкыр (бўри) өзбек тилинде да ушундай мааниде колдонулат. Мисалы:

Өзбек тилинде: *...қишлоқнинг тулкиси ҳам юзбоши, бўриси ҳам юзбоши* (А. Каххор)

Бул метафоралардын негизин кыргыз да, өзбек да бирдей түшүнөт жана бирдей мааниде колдойт.

*Арслоним уятга қолмасин деб, икки сават узум бериб юбордим* ("Шу кунлар шиддати")

Жогорудагы мисалда «*Арслоним*» метафоралык мааниде колдонулган. «*Арслоним*» метафораланган сөз. Тема – эр, күчтүү.

Кыргыз тилинде: *Атадан калган өзүңсүң, кулунум, элге таарынба* (Саринжи, Бөкөй)

Бул мисалдагы өтмө маани «кулунум» сөзү аркылуу ишке ашты. Кулун аттын баласы (тойчок) дегени. «Кулун» метафоралык сөз, темасы - перзент, бала.

*Тубайттын ити бул экөө. Тукуруп койсо желигип.* (Жаңыл Мырза)

Мисалдагы метафоралык маани "ит" сөзү аркылуу берилди. «Ит» сөзү ар эки тилде да бирдей мааниде колдонулат, башкача айтканда, оң жана терс маанини туюнтуу үчүн кызмат кылат. Биринчиден «ит» – тутуктуулуктун, бекемдиктин символу катарында оң мааниде, экинчиден, терс мааниде (пасткаш, нокас, суқ) адамга карата колдонулат. Бул мисалда терс мааниде, башкача айтканда «жүгүртөк» «ар кандай жаман иштерден тайманбаган адам» маанилерин туюнтуп келди. Бул мисалдан айбан-адам тибиндеги метафорага туура келгендигин көрүшүбүз мүмкүн.

4 Куш аттарын туюнтуучу канаттуу-адам тибиндеги метафоралар

(Парранда номлари билан инсонни ифодаловчи парранда-одам типидаги кўчимлар)

Кыргыз тилинде:

*Булбул атам көзү өтсө.*
*Муңайбасам амал жок* (Саринжи, Бөкөй.)

Бул мисалда "булбул" сөзү өтмө маанини туюнтуп келди. Мында "булбул" метафоралык сөз, туюнтуу каражаты «ата», тема - обону жагымдуу. "Булбул" сөзү "**адамга**" карата колдонулду. Бул сөз классикалык адабиятта "ашыктыктын" белгиси катары саналат. Бул сөз эки тилде да бирдей негиздүү маани эсептелет. Мисалы, *Токтогул - кыргыздын чыгаан булбул акыны.*

*Кызгалдак өңдүү ээрини,*
*Карлыгач кыргыз келини.*

Бул мисалдагы өтмө маани "карлыгач" сөзү жардамында берилди. Карлыгач метафоралык сөз, туюнтуу каражаты келин, тема - назик, чырдуу. Бул маанинин негизин табуу да кыйын.

Карлыгач дайыма үйүбүздүн сыртына, айрым учурларда үйүбүздүн ичине уя салат. Ар жылы ушул жерге учуп келип балапандарын коёт. Балким, кыргыздын келинин өз үйүнө, үй-бүлөсүнө туруктуу экендигин билдирип жаткандыр, белгисиз. Көп учурларда метафора субъективдүү характерге ээ болгону үчүн кандай мааниде колдонулуп жаткандыгы метафораны жаратуучудан башкасына анчалык даражада түшүнүктүү болбостугу мүмкүн.

Өзбек тилинде да карлыгач сөзү салыштыруу маанисинде колдонулат. Мисалы, адамдын кашына карата карлыгачтын канаты бирикмеси колдонулат. (Қалдирғочнинг қанотими кошларингиз)

*Дадам Али – Лайлакдан бу гапни эшитиб кулиб куйди* (А. Каххор).

Бул өтмө маани да адам-канаттуу тибиндеги метафорага мисал болот. Жөнөкөй кылы айтканда, «Лайлак» деп буту-колу узун, келбеттүү адамга карата колдонулат. Метафоралык сөз "лайлак", тема – узун, (буту-колу) мааниде.

5. Адам-адам тибиндеги метафоралар (Одам-одам типидаги кўчим)

Кыргыз тилинде:

*Манасым (бала), кагылыйын келдиңби (оозеки кепте).* Бул мисалда "Манас" метафоралык сөзү өтмө мааниде колдонулду. "Ма-

нас" метафоралык сөз, бала метафораланган сөз, тема – кандайдыр бир белгисине карай салыштырылды, башкача айтканда, күчтүү, баатыр деген мааниде.

Өзбек тилинде:

*Фарходлар видеога мўлтираб ўсар,,*

*Ширинлар бир-бирин сочини кесар* (М.Юсуф)

Бул мисалда «фарходлар», «ширинлар» деген сөздөрү метафоралык мааниде колдонулду. Фарход, Ширин адам аттары, башкача айтканда, түрк элдерине таандык болгон улуу акын А.Наваинин «Хамса» дастанындагы ашык түгөйлөр. Бирок бул өтмө маанидеги сөздөр, башка ошого окшош ашык түгөйлөргө карата колдонулду. Ошол себептүү адам-адам тибиндеги метафорага мисал болот.

*Шеърим сен Лайли,*

*Мен Мажнун. (М.Юсуф)*

Берилген мисалдагы «мажнун» да метафоралык сөз. «Мен» метафораланган сөз, «мажнун» метафоралык сөз, тема – ашыктык, арман. "Мажнун" адам, акын өзүн да Мажнундун ордуна койгон.

Негизинен, адам-адам тибиндеги метафораларда бир адамдагы касиеттер экинчи бир адамга карата колдонулат. Ушул өзгөчөлүгүн эсепке алып, жогорудагы метафораларды адам-адам тибиндеги метафораларга кошсок болот.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз жана өзбек тилдеринде өтмө маанинин тилдик каражаттар аркылуу берилиши өзүнө таандык жеке жана жалпы белгилерге ээ.

Башкача айтканда, кээ бир тилдик каражаттар эки тилде да эмоционалдык, экспрессивдүүлүк жана лексика-семантикалык жактан да метафораны пайда кылууда бирдей мааниге ээ: түлкү – тулки, карышкыр – бўри, ит – ит, арыстан – арслон сыяктуу сөздөр бирдей маани жана бирдей функцияда колдонулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Метафоранын негизиндеги окшоштук объективдүү да, субъективдүү да болушу мүмкүн. Окшоштуктун мындай субъективдүү болушунун натыйжасында өз ара байланышы болбогон ар түрдүү объекттердин арасында байланыш пайда болот. Мисалы, адам-нерсе, нерсе-адам, айбан-адам канаттуу-адам сыяктуу бир канча байланыштын түрлөрүнүн ишке ашышын көрүшүбүз мүмкүн.

**Адабияттар:**


1. Аристотель Поэтика. – Т. Адабиёт ва санъат. 1980.
2. Барпы, Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы. Бишкек – 1995.
3. Қобулжонова Г. К. Метафоранинг системавий лингвистик талқини. Филол.фан.ном. диссер...автореферати. Т. 2000.
4. Мамадалиева М. А. Ўзбек тилида номинатив бирликларнинг коннататив аспекти. Филол.фан.номзод.диссер. автореферати.-Т. 1998.
5. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. Бишкек, 1997.